КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# “Билим берүү бардыгы үчүн: көп тилдүү билим берүүдө мамлекеттик тилдин ролу”

**Кендирбаева Догдуркүл Шаршеевна,**
**билим берүү жана илим министри**

# Алгач жалпыңыздарды Кыргыз билим берүүсүнүн 100 жылдыгына жана мамлекеттик тилибиздин 35 жылдыгына арналган форумга катышып жатканыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем.

# Кыргыз жараны

**Көп тилдүүлүк**

**Көп маданияттуулук**



**Мамлекеттик тилди билүү өлкөбүздүн бардык жарандары үчүн маанилүү жана милдеттүү!**



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНДА
ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ
МАКСАТТАРЫ

4 САПАТТУУ БИЛИМ

**Өмүр бою сапаттуу билим берүү – Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруунун алкагында алган милдеттенмелеринин бири.**

1

Кыргызстандын 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, "Кыргыз жараны" программасы

2

"2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы"

3

Көп тилдүү билим берүү маселелерин жөнгө салуу үчүн бул түшүнүк 2023-жылдын августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамга киргизилген

# КӨП ТИЛДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ

**Өткөн 15 жылды эске алуу менен Кыргызстанда көп тилдүү билим берүүнү киргизүүнүн айрым этаптарын бөлүп кароого болот:**

**(2009 - 2011)**

**1-этап**

Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнү киргизүү процессин башкаруу системасынын калыптанышы. Көп тилдүү билим берүүнүн эл аралык тажрыйбасы менен таанышуу. 10 пилоттук аянтчаны ишке киргизүү. Көп тилдүү билим берүү моделдерин апробациялоо. Бул идеяны коомго жайылтуу.

**(2012 - 2015)**

**2-этап**

Пилоттук процессти кеңейтүү. Ишке ашыруу механизмин күчөтүү. Процессти камсыз кылуу үчүн потенциалды түзүү (консультанттар, эксперттер, методикалык ресурстар, нускамалар, мониторинг жана баалоо инструменттери).

**(2016-2024)**

**3-этап**

Жеке көп тилдүүлүктү өнүктүрүү, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн негиз катары Кыргыз Республикасынын мектептеринде жана бала бакчаларында көп тилдүү билим берүү программаларын киргизүү.

**Быйылкы окуу жылында**

**4-этап**

Быйыл өлкөнүн 4 жогорку окуу жайында биринчи жолу көп тилдүү негизде табигый жана физика-математикалык багыттагы студенттерди даярдоо программалары ишке киргизилүүдө.

# Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында:

- Бишкек шаарында 45 бала бакча, Ош жана Баткен облустарында 16 бала бакча иштеп жатат.

- 2023-2024-окуу жылынан баштап Бишкек шаарында дагы 15 бала бакча, Нарын облусунун Ат-Башы районунда 4 бала бакча, Ош шаары менен Кара-Суу районунда 8 бала бакча көп тилдүү негизде ишин баштады.
- Көп тилдүү билим берүү программаларына жалпысынан 58 пилоттук топ катышып, 3490 бала камтылган.

**Республика боюнча жалпы 80 жалпы билим берүү уюмунда көп тилдүү билим берүү программасы ишке ашырылып жатат, анын ичинен:**

**- 49 мектеп – окутуу кыргыз же орус тилдеринде – максаттуу тилдер: орус жана кыргыз тилдери;**
**- 30 мектеп – азчылык тилдеринде окутуу (өзбек, тажик) – максаттуу тилдер: кыргыз жана орус;**
**- 1 мектеп – программага чет тилин киргизүү менен (Ош шаарында – кыргыз, орус, англис тилдери).**
**Аларда 15144 окуучу окуйт, 500дөн ашык пилоттук класстар бар, 740 окутулган педагогдор иштейт. 2023-жылы Жалал-Абад облусунда программаны кеңейтүү башталды – Сузак, Базар-Коргон жана Ала-Бука райондорундагы 12 мектеп бул программа аркылуу окууга кириштi.**
**Программалар окутуу азчылыктардын тилдеринде (өзбек, тажик) жүргүзүлгөн 28 мектепке киргизилген, аларда программалардын максаттуу тилдери кыргыз жана орус тилдери болуп саналат.**

# Натыйжада

Көп тилдүү программа аркылуу билим алып жаткан класстарда башка класстарга караганда окуучулардын сүйлөө жана угуу көндүмдөрү орточо эсеп менен 20-40% га жогору.




Бүтүрүүчүлөргө билимин улантууга жана андан кийин эмгек рыногунда өзүн ишенимдүү сезүүгө мүмкүндүк берген жалпы балдардын жетишкендиктерин жогорулатууга, soft skills (жумшак көндүмдөрдү) калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Тилдерди билүү жана коммуникациялык көндүмдөрү өсөт.



# ЖОЖдор

**01** 2022-2023-окуу жылынан баштап 6 жогорку окуу жайда жана 4 колледжде бала бакчалар жана башталгыч мектептер үчүн көп тилдүү билим берүү мугалимдерин даярдоо программаларын апробациялоону жүргүзүп жатабыз.

**02** 5 жылдын ичинде STEM багытындагы бир катар мектеп предметтерин англис тилинде окуп баштоого мүмкүндүк берет

**03** ОшМУ, Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин (КӨЭУ), Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун (СГЭИ), Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун (КГПИ), Нарын мамлекеттик университетинин (НМУ), Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (ЖАМУ) педагогикалык факультеттеринин базасында "көп тилдүү мектептин башталгыч класстарынын мугалими" жана "көп тилдүү мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы" эксперименталдык билим берүү программалары иштелип чыкты.

**04** Ошондой эле 5 колледжде – ОшМУнун индустриалдык-педагогикалык колледжинде, КӨЭУнун кесиптик колледжинде, Каракол, Нарын Жалал-Абад педагогикалык колледждеринде – кесиптик орто билим берүү уюмдары үчүн ылайыкташтырылган ушундай программалар ишке ашырылууда.

# АЛДЫДА ИШКЕ АШЫРУУ ПЛАНДАЛЫП ЖАТКАН МАСЕЛЕЛЕР:

**Кыргыз, орус жана чет тилдерин окутуунун методикаларын бүгүнкү күндүн талаптарына шайкеш келтирүү. Окуучулардын грамматикалык эрежелерди өздөштүрүүсүнө басым жасоо жана алардын сүйлөө көндүмдөрүнүн 4 түрүн (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) өнүктүрүү**

**Предметтик мугалимдердин тилдик компетенттүүлүгүн эл аралык практикада кабыл алынган талаптарга жооп бере турган деңгээлде даярдоого жетишүү. Буга ылайык, ЖОЖдордо тилге даярдоо программасын өзгөртүү боюнча чаралардын системасын киргизүү, ошондой эле эне тилди, экинчи жана чет тилдерди кошкондо педагогикалык адистиктердин бүтүрүүчүлөрүнүн тилдик компетенттүүлүгүнө стандартташтырылган баа берүүнү киргизүү;**

**Көп тилдүү программаларда иштеген предметтик педагогдорду методикалык жактан даярдоо (мисалы, предметти жана тилди интеграциялаган окутуу методикасы). Предметтик педагогикалык даярдыктан тышкары экинчи же чет тилдерди күчөтүп окутуу форматын киргизүү зарыл;**

**Көйгөйлөрдүн өзүнчө комплекси көп тилдүү билим берүү программаларына чет тилин (баарыдан мурда англис тилин) киргизүү менен байланышкан.**

# Министрликтин, билим берүү уюмдарынын алдында турган милдеттер:

**A**

**Өлкөнүн бардык региондорунда көп тилдүү билим берүү уюмдарын камтуу үчүн шарттарды түзүү зарыл**

**B**

**Кыргызстан өзүнө алган эл аралык жана ички милдеттенмелерге ылайык улуттук азчылыктын өкүлдөрүнө өз эне тилдерин окуп-үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү**

**C**

**Окуучулардын тилдик репертуарын кеңейтүүгө болгон муктаждыгын эске алуу менен окуу программаларын жана окуу китептерин толуктап иштеп чыгуу**

**D**

**Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасын түзүү менен педагогдорду даярдоонун сапатын жогорулатуу. 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү эске алганда, педагогдорду даярдоонун сапаты бул процесс үчүн өтө маанилүү болуп калат**

**Сөзүмдүн соңунда көп тилдүү билим берүү программаларынын үстүндө иштеп жаткандарга ыраазычылык билдирем жана ийгилик каалайм!**

**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**